DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2023

*Карабалаева Г.Т., Баялиева А.С., Нурбекова С.Н.*

## ИНКЛЮЗИВДҮҮ МАДАНИЯТ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КӨП МАДАНИЯТТУУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ӨНҮГҮҮ ФАКТОРУ КАТАРЫ

*Карабалаева Г.Т., Баялиева А.С., Нурбекова С.Н.*

## ИНКЛЮЗИВНАЯ КУЛЬТУРА КАК ФАКТОР РАЗВИТИЯ ПОЛИКУЛЬТУРНОГО ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ

*G. Karabalaeva, A. Bayalieva, S. Nurbekova*

## INCLUSIVE CULTURE AS A FACTOR IN THE DEVELOPMENT OF MULTICULTURAL EDUCATION IN KYRGYZSTAN

*УДК: 376.3*

*Кыргызстанда бүгүнкү күндө толеранттуулукка, гумандуулук принциптерине негизделген жеткиликтүү билим берүүнүн инклюзивдүү концепциясы кеңири жайылууда. Бул макалада автор инклюзивдүү маданиятка аныктама берип, анын көп маданияттуу билим берүүдөгү маани-мазмунун талдаган. Ошондой эле, негизги маселе болгон ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген инсандарга карата инклюзивдүү маданиятты калыптандыруунун жолу катары толеранттуу мамилени аныктайт. Толеранттуулукту башка адамдардын кызыкчылыктарына, ишенимине, адаттарына, өзгөлүктөрүнө жана жүрүм-турумдарында болгон мамилени мүнөздөгөн моралдык сапат катары баалайт. Толерантуулукка тарбиялоо процесси – коомду ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга, башка маданияттын өкүлдөрүнө карата сабырдуулукту, чыдамдуулукту, көтөрүмдүүлүктү, тынчтыкта жашоону, алар менен ыктыярдуу кызматташтыкка барууга даяр болууну тарбиялоо жолу жана көп маданияттуу билим берүүнүн ажырагыс бөлүгү. Толеранттуулукту адамдык мамилелердин нормасы гана эмес, аларды түзүүнүн маанилүү компоненти, ошондой эле коомдун өнүгүшүндөгү туруктуу, көп кырдуу "уюштуруучу күч" десек болот.*

***Негизги сөздөр:*** *билим берүү, тарбиялоо, инклюзия, инклюзивдүү билим берүү, маданият, инклюзивдүү маданият, инклюзивдүүлүк, көп маданияттуу, толеранттуулукка тарбиялоо, толеранттуулук.*

*В настоящее время в нашей стране широкое распространение получила концепция инклюзивного образования, которая основывается на принципах гуманизации, толерантности, обеспечения всеобщего доступа к образованию. В статье автор дает определение понятия инклюзивная культура, раскрывает значение инклюзивной культуры в системе поликультурного образования. Также, определяет толерантное отношение как способ формирования инклюзивной культуры по отношению к людям с ограниченными возможностями, что является основным вопросом. Автор ценит толерантность как моральное качество, характеризующее отношение к интересам, убеждениям, привычкам, особенностям и поведению других людей. Процесс воспитания толерантности является способом воспитания общества быть толерантным, терпеливым, терпимым, миролюбивым, готовым к сотрудничеству с людьми с ограниченными возможностями, представителями других культур и неотъемлемая часть поликультурного образования. Толерантность является не только нормой человеческих отношений, но и важной составляющей их формирования, а также устойчивой, многогранной «организующей силой» в развитии общества.*

***Ключевые слова:*** *образование, воспитание, инклюзивное образование, культура, инклюзия, инклюзивная культура, поликультурное образование, воспитание толерантности, толерантность.*

*Currently, the concept of inclusive education, which is based on the principles of humanization, tolerance, and ensuring universal access to education, has become widespread in our country. In the article, the author defines the concept of inclusive culture and reveals the meaning of inclusive culture in the system of multicultural education. It also defines a tolerant attitude as a way of creating an inclusive culture towards people with disabilities, which is the main issue. The author values tolerance as a moral quality that characterizes the attitude towards the interests, beliefs, habits, characteristics and behavior of other people. The process of education for tolerance is a way of educating society to be tolerant, patient, tolerant, peaceful, willing to cooperate with people with disabilities, representatives of other cultures and an integral part of multicultural education. Tolerance is not only the norm of human relations, but also an important component of their formation, as well as a stable, multifaceted "organizing force" in the development of society.*

***Key words:*** *education, inclusive education, culture, inclusion, inclusive culture, multicultural education, tolerance education, tolerance.*

Кыргызстанда билим берүү процессин гумандаштыруу, жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу жана толеранттуулук принциптерине негизделген инклюзивдик билим берүү концепциясы кеңири жайылып жатат.

Инклюзивдик билим берүү – бул ар бир баланын айырмачылыктарын, ар бир баланын өнүгүү көйгөйлөрүн, алардын окууга болгон жөндөмдүүлүгүнүн баалуулуктарын таануу гана эмес, ошондой эле белгилүү бир этникалык, маданий, социалдык, жаш курактык топко таандык болгон муктаждыктарын эске алган ийкемдүү система.

Кыргызстанда ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды окутууда жана тарбиялоодо мамлекеттин, коомдун аларга карата мамилесинин өзгөрүшү, мамлекетте укуктук жана мыйзамдык актылардын пайда болушу, тоскоолдуксуз билим берүү чөйрөсүн түзүү максаты, инсанга багытталган мамиле жандашмасы (подход) – инклюзиянын пайда болуу өбөлгөлөрүн түзө алды.

Кыргызстандын билим берүү системасында инклюзивдик ыкманы ишке ашыруудагы артыкчылыктуу милдеттердин бири – билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын арасында инклюзивдик маданиятты калыптандыруу болуп саналат.

Көп жылдары бою коомдук аң-сезим менен калыптанган «майыптар» түшүнүгү бардык убакта «иш-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



ке жараксыз» дегенди билдирген. Ал эми алар үчүн белгилүү каражаттарды жумшоого аргасыз болгон мамлекетке көз карандылык, коом менен аралашууда курчап турган өзгөчө кыйынчылыктар аларга карата бир жактуу, татыксыз мамиле калыптанган [1].

Демек, өзгөчө билим алуу мүмкүнчүлүгү бар адамдарга карата коомдук мамилени өзгөртүү, инклюзивдүү маданиятты калыптандыруу менен байланышкан көйгөй абдан маанилүү.

Заманбап коом өзүнүн ар бир мүчөсүн психофизикалык өзгөчөлүктөрүнө карабастан кандай болсо ошондой кабыл алууну, жек көрүү сезимин жеңүүнү үйрөнсө, анда майыптарга, ар түрдүү элдик маданияттарга аларга карата сый-урматты, кызыгуусу, сабырдуулукту ойготуу маселесин көтөрүп жана аны тарбиялай алса, анда бул маселени чечилген деп эсептесе болот. Бирок, О.М. Хомутова, С.В. Сарычев өз эмгектеринде инклюзивдик маданияттын төмөндүгүн баса белгилешет. Алар инклюзивдик билим берүү процессинде катышуучулардын арасында белгисиздиктен коркуу, процесстин башка катышуучулары үчүн зыян келтирүү коркунучу ж.б. көрсөткүчтөр бар деп эсептешет [5].

Инклюзивдик маданияттын деңгээлин жогорулатуу инклюзивдик билим берүүнү өркүндөтүү процессиндеги актуалдуу көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. Мисалы, Л.А. Нагорная, Н.Н. Нагорный өз изилдөөлөрүндө төмөндөгү жакшыртуунун векторлорун аныкташат: билим берүү процессинде салыштырмалуу дени сак адамдар үчүн инклюзивдик маданиятты түзүү боюнча иш жүргүзүү; окуу процессинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга психологиялык-педагогикалык жардам жана колдоо көрсөтүү; мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн окуу процессинин тышкы шарттарын жакшыртуу боюнча иштерди жүргүзүү. Башкача айтканда, ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү; зарыл болгон деңгээлде тоскоолдуксуз инфраструктураны түзүү; дистанттык окутууну, маалыматтык технологияларды өнүктүрүү; жекече мамиле кылуу ыкмасын компетенттүү колдонуу ж.б. [6].

«Инклюзивдик маданият» термини эмнени билдирет? Философиялык энциклопедиялык сөздүктө «маданият» – (лат. cultura – өстүрүү – тарбиялоо, билим берүү, өнүктүрүү, сыйлоо), адамдардын мамилелеринде, ошондой эле материалдык, руханий баалуулуктардын тарыхый жактан өнүгүүсүнүн белгилүү бир деңгээли. Адамдын турмушун жана ишмердигин уюштуруунун формаларын туюнткан чыгармачылык күчтөр жана жөндөмдүүлүктөр [3]. Ал эми инклюзия (inclusion-кошуу, киргизүү) – ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды жигердүү жашоого киргизүү процесси. Инклюзия ар бир адамды коомдук жашоого тең укукта катышууга мүмкүнчүлүк берген конкреттүү чечимдерди иштеп чыгуу жана колдонуу [2].

Кээ бир илимпоздор инклюзивдик маданият бул өзгөчө философия деп эсептешет, ага ылайык баалуулуктар, билим берүү, таалим-тарбия жана жоопкерчилик бул процесстин бардык катышуучулары тарабынан кабыл алынышы жана реалдуу көрүнүшкө айланууcу деп белгилешет.

Н.В. Старовойт, Е.И. Попова өз изилдөөлөрүнүн негизинде төмөнкүдөй аныктама беришет: инклюзивдик маданият – бул муктаждыктардын көп түрдүүлүгү, коом тарабынан жактырылган жана колдоого алынган жогорку жетишкендиктерге жетишүүгө мүмкүнчүлүк берген коомдук маданияты түзүүнүн фундаменталдык негизи жана натыйжалары [8, 31-б.].

Н.Г. Сигал өзүнүн илимий изилдөөсүндө төмөнкүдөй аныктаманы ачып берет: «Инклюзивдик маданият – бул өзгөчө инклюзивдик атмосфера, мында киргизилген өзгөртүүлөр окуу процессинин бардык субъекттеринин билим берүү муктаждыктарына ылайыкташтырылышы, белгилүү бир билим берүү уюмунун муктаждыктарына жана анын жалпы структурасына органикалык түрдө сиңирилиши, ошондой эле мугалимдерге администрация тарабынан да, башка мугалимдер тарабынан да өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар адамдарды окутуу маселелери боюнча ар кандай колдоо жана жардам (методикалык, психологиялык ж.б.) алууга мүмкүнчүлүгү» [7, 73-74-бб.].

Биз жогорку окумуштуулардын ойлоруна таянып инклюзивддүү маданиятка төмөндөгүдөй аныктаманы бере алабыз – коомдун өнүгүү деңгээли, адамдардын бири-бирине болгон сабырдуу, гумандуу, коопсуз мамилеси. Коомдун бардык мүчөлөрүнүн катышуусуна жана өнүгүүсүнө өбөлгө болгон катышуучулардын кызматташтыгы жана өнөктөштүгү. Бул инклюзивдүү билим берүү баалуулуктарын жана принциптерин сактоо, ошол эле учурда атайын билим алуу муктаждыктары бар адамдын маданий көп түрдүүлүктү кабыл алуусу.

Инклюзивдүү маданият инклюзивдүү билим берүүнүн эң маанилүү компоненти болуп саналат. Анын калыптанбай калышы бүткүл окуу процессине терс таасирин тийгизип, жогорку натыйжаларды бербейт. Дени сак балдарды жана өзгөчө билимге муктаж балдарды окутуу үчүн идеалдуу шарттарды түзүүгө болот, бирок адам факторун жокко чыгарууга болбойт. Ошондуктан, мамлекет, коомчулук жана массалык маалымат каражаттары физикалык жактан жабыр тарткан же оор кырдаалдардан психикалык кемчилиги бар бардык адамдарга карата сый мамилесин калыптандыруу үчүн күч-аракетин бириктирүүгө тийиш.

Ал эми инклюзивдик маданиятынын элементтери катары: инклюзивдик билим берүүгө карата баалуулуктар, нормалар, мамилелер жана жүрүм-турумдар; инклюзивдик билим берүүнүн бардык каты-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



шуучуларынын ортосундагы жагымдуу өз ара аракеттенүүгө көмөктөшүүчү социалдык жана жеке сапаттарды айта алабыз.

Инклюзивдик билим берүүдөгү баалуулуктар, нормалар, мамилелер жана жүрүм-турумдар инклюзивдик билим берүү идеологиясын тарбиялык мамилелердин бардык катышуучулары тарабынан кабыл алуу процесси.

Инклюзия шарттарында мамилелердин көрсөткүчтөрү:

- **ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү окуучулар жана нормалдуу өнүгүп келе жаткан теңтуштар үчүн:** сабырдуулук, гумандуулук, түшүнүү, жардам берүүгө даяр болуу; мамилелердеги позиция «биз баарыбыз бирдейбиз»;
- **мугалимдер үчүн:** өнүгүүсүнүн ар кандай түрлөрү бар балдарды кабыл алуу, эмпатикалык түшүнүү (окуучулардын жана ата-энелердин сезимдерин жана жеке маанилерин так кабыл алуу);
- **нормалдуу өнүгүп келе жаткан окуучулардын ата-энелери үчүн**: ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарга карата оң мамиле, алардын нормалдуу өнүгүп жаткан балдарды тарбиялоонун кошумча фактору катары кабыл алуусу.

Инклюзия шарттарында билим берүүдө катышуучулардын ийгиликтүү өз ара аракеттенүүсүнө көмөктөшүүчү социалдык жана жеке сапаттар, өндүрүмдүү коомдук өз ара аракеттенүүлөр, өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар балдарды окутуу жана тарбиялоо маселелери боюнча окуу-методикалык компетенттүүлүк – инклюзивдүү маданиятын куруу мүмкүнчүлүгүн арттырат.

Коомдун инклюзивдүү маданиятын инклюзивдүү билим берүүнү ийгиликтүү ишке ашыруунун фактору катары гана эмес, Кыргызстанда көп маданияттуу билим берүүнү өнүктүрүү фактору катары да кароого болот. Мезгилдин талабына ылайык акыркы жылдары педагогикада көз карандысыз динамикалуу өнүгүп келе жаткан билим берүү чөйрөсү пайда болууда, анын көрсөткүчү катары – ааламдашуу шартында билим берүү маселелерин чечүүнүн инновациялык каражаты болгон көп маданияттуу билим берүү алдыга чыгууда.

Педагогика илиминде «көп маданияттуу билим берүү» түшүнүгү өсүп келе жаткан муундарды көп улуттуу жана көп маданияттуу чөйрөдө жашоого даярдоо идеяларына негизделген билим берүү катары аныкталат. Мындай билим берүүнүн максаты – ар кандай улуттун, расанын, диндин өкүлдөрү менен баарлашуу жана кызматташуу жөндөмүн өнүктүрүү, башка маданияттын өзгөчөлүгүн түшүнүү, аларга болгон терс көз караштарды жоюу. Заманбап адам толеранттуу, көтөрүмдүү, башка маданияттын адамдарын урматтоо сезими өнүккөн, алар менен тынчтыкта жана ынтымакта жашоого жөндөмдүү, активдүү өз ара аракеттенүүгө даяр болушун талап этет [1]. Мындай көндүмгө ээ болуу үчүн тиешелүү маданиятка ээ болуусу шарт. Кыргызстанда ар кандай улуттук маданиятка, анын өкүлдөрүнө, баалуулуктарына, каада-салттарына, тилине болгон урмат-сый, камкор мамилени калыптандыруу, ошол эле учурда өз маданиятын негиз катары сактоо менен көп маданияттуу билим берүүнү өнүктүрүү негизги милдет болуп саналат, анткени биздин өлкөбүз көп улуттуу өлкө.

Заманбап билим берүүдөгү көп маданияттуулуктун өзгөчөлүктөрү бир катар объективдүү кыйынчылыктар менен коштолууда: биринчиден, коомдун тилдик, маданий жана менталдык ар түрдүүлүгү менен; экинчиден, инсандын бирдиктүү социалдык, экономикалык, саясий-маданий мейкиндиктин бирдей мүчөсү катары руханий калыптануусун камсыз кылуу милдети менен; үчүнчүдөн, бул максаттарды кош тилдүүлүк, бимаданияттык жана биметалдык негизде жүзөгө ашыруу зарылдыгы менен. Көп маданияттуулук маданияттын маңызынын ар түрдүүлүгүн, ар кандай маданияттардын диалогунун контекстинде гана эмес, адамдын баалуулук тутумун өздөштүрүүсүнүн жана дүйнөнүн маданияттуу көрүнүшүнө киришинин бардык аспектилеринде чагылдырат. Жалпысынан алганда, көп маданияттуулук принциби көп маданияттуу полиэтникалык чөйрөдө жашоого даярдыгын жана жөндөмүн калыптандыруу максатында жаш муундарды этностук, улуттук жана дүйнөлүк маданият менен тааныштыруунун педагогикалык стандарты катары каралат. Бул принцип көп маданияттуу билим берүүнү түзүүдө маданияттын негизги диалектикалык касиетин «ар түрдүүлүктөгү биримдик» катары эске алууну белгилейт: глобалдуулук жана жергиликтүүлүк, акыл-эстүүлүк жана акылга сыйбастык, азыркы учурдагы өткөн жана келечек, универсалдуулук жана оригиналдуулук: жалпы жана профессионалдык, материалдык жана руханий, универсалдуу жана улуттук баалуулуктар жана маанилер ж.б.у.с.

Инклюзивдүү билим берүү менен көп маданияттуу билим берүүнүн ортосунда белгилүү бир байланыш бар, ал көптөгөн идеялардын, концепциялардын жалпылыгында, ошондой эле алардын максаттарында жана милдеттеринде чагылдырылат [4]. Бул эки багыттын эң негизги окшоштугу: аларды ишке ашыруу өзгөчө түрдөгү сабырдуулукту (толеранттуулук) талап кылат, ага коомдун адеп-ахлактык тарбиясынын пландуу системасы менен гана жетишүүгө болот жана инклюзивдүү маданиятты калыптандыруу, пропагандылоо, жайылтуу.

Толеранттуулук жана толеранттуу мамиле адамзаттын бүткүл тарыхынан байкоого болот. Бул көрүнүштүн маанисин түшүнүү жана толеранттуу жүрүм-турум элементтерин аткаруу, анын ченемдери ар дайым адамзаттын жашоосунун чыныгы шарты болуп

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



келген [2]. Толеранттуулукту адамдык мамилелердин нормасы гана эмес, аларды түзүүнүн маанилүү компоненти, ошондой эле коомдун өнүгүшүндөгү туруктуу, көп кырдуу “уюштуруучу күч” десек болот.

Билим берүү системасында, билим берүү процессинде толеранттуу аң-сезимди калыптандыруу көйгөйүн сактап калуу, гумандуулукка негизделген коопсуздукту камсыз кылуу, коомду уюштуруудагы жана өнүктүрүүдөгү толеранттуулуктун функционалдык ролун илимий-теориялык жана практикалык жактан түшүндүрүп, бардык мамилелерди куруунун механизми катары кароо керек.

Билим берүү ар дайым илимий жетишкендиктердин, жалпы маданияттын топтолгон потенциалын камтуу менен коомдогу позитивдүү жүрүм-турум үлгүлөрүн сактоонун жана аны кийинки муундарга жеткирүүнүн башкы шарты жана куралы экендиги жетишээрлик деңгээлде эске алынбай келет. Билим берүүнүн аркасында коомдун туруктуулугу гана сакталбастан, адам ортосудагы мамилелердин формалары менен түрлөрү жана маданияттардын өз ара аракеттерин да өзгөрүп турат. Ошондуктан, билим берүү инклюзивдүү жана көп маданияттуулукту камсыз кылган тарбиялоонун салттуу, позитивдүү формаларын сактоого, инсан аралык, маданияттар аралык өз ара кызматташтык чөйрөсүндөгү туруктуулугун камсыз кылган илимий педагогикалык чөйрөсү.

Мисалы, Кыргызстандагы билим берүү практикасы менен таанышуу ушул көрүнүштүн маңызын мүнөздөгөн бул сыяктуу бир катар жоболорду белгилөөгө мүмкүндүк берет: биринчиден, билим берүү саясаты менен практикасы студенттердин маданияттуу ар түрдүү коомдо ийгиликтүү жашоо, пикир алышуу жана баарлашуу мүмкүнчүлүгү катары маданияттар аралык компетенцияны өнүктүрүү үчүн мектептерде жана ЖОЖдордо шарттарды түзүүгө багытталат; экинчиден, мугалимдин расалык, этникалык, диний таандыктыгына, тилине, жынысына, социалдык абалына, физикалык жана интеллектуалдык өзгөчөлүктөрүнө карабастан, бардык окуучулар үчүн сапаттуу билим алуу үчүн бирдей өбөлгөлөрдү түзүүнү камсыз кылуу; үчүнчүдөн, педагогикалык коомчулуктун билим берүү уюмдарында окуган бардык маданияттарды алып жүрүүчүлөргө карата толеранттуулук, адам укуктарын сыйлоо принциптерин сактоого багытталышы.

Демек, «Инклюзивдүү маданият» инклюзивдүү билим берүүнүн бир бөлүгү болгон сыяктуу эле, көп маданияттуу билим берүү – окуучулардын, студенттердин кайсы бир маданияттын өкүлү болуу менен башка маданияттарды таанып-билүүсүн өнүктүрүүгө багытталган, социомаданий компетенцияларды чагылдырган, алардын аң-сезиминин өнүгүшүн, көп маданияттуу чөйрөдө максаттуу социалдашуусунун формаларын камтыган татаал процесс.

Инсанга болгон урмат-сый, сабырдуулук, адамкерчилик, жоопкерчиликтүүлүк ар бир адам үчүн маанилүү. Демек, көп маданияттуу жана инклюзивдик билим берүүнүн өнүктүрүүнүн эң маанилүү негизи – инклюзивдик маданият. Инклюзивдүү чөйрөдө коом өзүнүн ар бир мүчөсүн кандай болсо, ошондой кабыл алууну үйрөнсө, алардын башкаларга окшош эместигин тааныса, ар бирине көңүл бөлүп жана урматталса – аларда коопсуздук, жайлуулук жана таандуулук сезимин жаратат, бул билим берүү процессине жагымдуу таасир этет.

Ар кандай муктаждыктары бар инсандар жашаган жери боюнча жергиликтүү билим берүү уюмунда өзү теңдүүлөр арасында билим алуусу, үй-бүлөсү менен бирге коомдук жашоосун байытууга толук катышуусу – алардын көз карандысыз жашоосу үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүктөргө ээ болуусуна шарт түзөт. Ал эми коомдун таалим-тарбия системаларындагы, нормаларындагы карама-каршылыктары четтеп ар кандай билим алуу муктаждыктары бар инсанга карата мамилеси өзгөртөт.

**Адабияттар:**


1. Акатов Л.И. Социальная реабилитация детей с ограниченными возможностями здоровья. Психологические основы: Учеб. пос. для студ. вуза. - М., 2003. - С. 122-125.
2. Асипова Н.А., Карабалаева Г.Т., Калибекова Д.Т. Көп маданияттуу билим берүү: окуу китеп. - Бишкек, 2022. - 293б.
3. Безрукова В.С. Основы духовной культуры (энциклопедический словарь педагога). М., 2003. - С. 594.
4. Нигматов З.Г. Формирование поликультурной личности в условиях инклюзивного образования. / Сборник науч. тр. Межд.й науч.-практ. конф. «Поликультурное образовательное пространство Поволжья: пути и формы интеграции» (Казань, КФУ, 1.11.2013). – Казань, 2013. – С. 414-419.
5. Хомутова О. М., Сарычев С. В. К проблеме социальных установок педагога на совместную деятельность с обучающимися с ограниченными возможностями здоровья в условиях инклюзивного образования // Ученые записки: электрон. науч. журн. Курского гос. ун-та. 2016. № 4 (40). https://api-mag.kursksu.ru/media/pdf/045-031.pdf (дата обр.: 02.10.2023).
6. Нагорная Л.А., Нагорный Н.Н. Основные направления оптимизации инклюзивного образования в российской высшей школе // Ростовский науч. журн. 2017. №10. - С. 59-64.URL: http://rostjournal.ru/wp- content/journals/RostovScientificJournal102017.pdf (дата обращения: 02.10.2023)
7. Сигал Н.Г. Инклюзия как вектор гуманизации образования и общества: зарубежный опыт // Вопросы педагогики и психологии: теория и практика. / Сб. мат. Межд.. науч. конф. - Москва, 26-28 июня 2014 / Под ред. проф. В.И. Писаренко. Киров: МЦНИП, 2014. - С. 73-79
8. Старовойт Н.В. Инклюзивная культура образовательной организации: подходы к пониманию и формированию // Науч.-метод. элек. журн. «Концепт». 2016. Т.8. - С. 31-35. URL:http://e-koncept.ru/2016/56117.htm (дата обр.: 02.09.23)